КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Iskhak_polothan@mail.ru

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз 17-сессиясы

ТОКТОМ

2026-жыл 28-сентябрь №73

Исхак-Полотхан айыл аймагындагы муниципалдык базардын көрсөткөн кызматтары үчүн тарифтерди (жыйымдарды) бекитүү жөнүндө

Кыргыз республикасынын 2002-жылдын 15-марты №37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 19-статьяына, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-39-беренелерин жетекчиликке алып, айылдык кеңештин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн муниципалдык базарындагы соода орундары жана көрсөтүлүүчү кызматтар үчүн тарифтердин (жыйымдардын) өлчөмдөрү 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Муниципалдык тазалык ишканасынын жетекчисине жана адистерине:
    1. Жаңы бекитилген тарифтер боюнча базардын соодагерлери жана жергиликтүү калк арасында кеңири маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү тапшырылсын;
    2. Топтолгон каражаттардын максаттуу жумшалышын жана базардын аймагындагы тартипти, санитардык абалды камсыз кылуу милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарына жарыялансын.
4. Ушул токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Баткен облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Г. Матажиев**

Исхак-Полотхан айылдыккеңешинин
2026-жыл 28-сентябрь №73
токтомуна №1- тиркеме

Муниципалдык базардын көрсөткөн кызматтары жана соода орундары үчүн тарифтердин (жыйымдардын) прейскуранты

№	Кызмат көрсөтүүнүн, соода ордунун жана автоунаанын түрлөрү	Өлчөм бирдиги	Бекитилген тариф (сом менен)
	Автоунаалар үчүн токтотуучу жай (стоянка) жана кирүү акысы:		
1.	Батыш тараптан кирген жеңил автоунаалар үчүн	1 унаага (бир жолку)	**20 сом**
2.	Чыгыш тараптан кирген жеңил автоунаалар үчүн	1 унаага (бир жолку)	**20 сом**
3.	Батыш тараптан кирген оор жүк ташуучу автоунаалар үчүн	1 унаага (бир жолку)	**50 сом**
4.	Чыгыш тараптан кирген оор жүк ташуучу автоунаалар үчүн	1 унаага (бир жолку)	**50 сом**
	Жайма базар жана жашылча-мөмө жемиш соодасы:		
1.	Жайма базардын аймагындагы соода орду	1 кв. метр үчүн (күнүнө)	**50 сом**
2.	Жашылча-мөмө жемиш сатуучулар үчүн соода орду	1 кв. метр үчүн (күнүнө)	**50 сом**
	Ашкана,өрүк жана коон-дарбыз сатуу тарифи:		
1.	Өрүк базарында өрүк сатуу акысы	1 килограмм үчүн	**1 сом**
2.	Коон-дарбыз саткан «Портер» тибиндеги жеңил жүк ташуучу унаалар үчүн	1 унаага (күнүнө)	**200 сом**
3.	Коон-дарбыз саткан оор жүк ташуучу автоунаалар үчүн	1 унаага (күнүнө)	**300 сом**
4.	Базардын аймагында иш жүргүзгөн бир ашкана үчүн	1 күнүнө	**1000 сом**

Жооптуу катчы: А. Арапова